# КЫЯЛЫМДА

Мен,

Жалындуу дем менен,

Жарышып жел менен,

Умтулам максатымды бекемдеп.

Бийикти көздөй талпынып, талыкпай.

Жылдыздарды бет алып багыттай,

Учкум келет кыялды кууп жетем деп.

Кайырма:

Бийиктен туруп өмүрдүн бүтпөгөн рахатына канбаймын,

Түбөлүк бакыт барына ниетимден арнаймын,

Туптунук дил менен.

Аздектеп сүйүүнү жаңыртып, обондой бүткүл жердин шарына,

Бейпилдик, шаттык, бүтпөгөн кубаныч тартуулап мен баарына

Тилеймин ыр менен.

Жол,

Алдыда кепкенен,

Адамдар өтпөгөн,

Мен барам кыял минип ашыкпай.

Жаркырап улам үмүттөр чакырат,

Канатымдан шоолалар чачырап,

Учкум келет, бийикке такыр чарчабай.

Кайырма: